рноо

Узак болсун алган сапар, багытың,
Оттуу болсун ар бир кадам, арышың.
Кереги жок алтын, акак, жакуттун,
Ден соолукта болуу мага карызың.

Жашоомдогу эң кымбатым, жакыным,
Сенден күтөм жакшылыктын баарысын.
Кереги жок мага башка байлыктын,
Өмүрлүү бол, ошол мага карызың.

Жүрөгүмө бакыт даамын тамызгын,
Жан дүйнөмдө жанып турган жалынсың.
Кереги жок сенден башка байлыктын,
Эң бактылуу болуу мага карызың.